Университеттин түзүмдөрүнүн жетекчилерине, институттардын директорлору жана факультеттин декандарына, кафедра башчыларына

**Урматтуу түзүмдөрдүн жетекчилери!**

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндөгү” мыйзамын аткаруу, КР Өкмөтүнүн 01.10.2020-ж. №510 Токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасындагы 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү Программасын” иш-чараларына ылайык жана дүйнөлүк интернет желесинде кыргыз тилиндеги маанилүү, мазмундуу маалыматтарды жайгаштыруу максатында уикипедия эркин энциклопедиясынын кыргыз тилиндеги версиясында КМТУнун ишмердүүлүгүн камтыган төмөндөгүдөй багытта жана тематикада кыргыз тилиндеги материалдарды, маалыматтарды даярдап, жайгаштыруу иштерин уюштуруп жүргүзүүнү суранам.

- Университеттеги илимий даражалуу жана наамдагы окумуштуулардын, адистердин жана жетекчилердин ишмердүүлүгүн камтыган материалдар;
- Түзүмдөрдүн окуу - илимий ишмердүүлүгүнө, кесиптик, квалификациялык тармагына тиешелүү технологиядагы жаңылыктарды, аныктамаларды, түшүнүктөрдү сүрөттөп камтыган материалдары, профессордук – окутуучулук курамдын актуалдуу жана приоритеттүү маселелер, суроолор, изилдөөлөр боюнча макалаларынын кыскача баяндамасы.

Жогоруда белгиленген тематикалык материалдарды кыргыз уикипедиясына даярдап жайгаштыруу шарты тууралуу нускама КМТУнун расмий сайтында (https://kstu.kg/otdely/otdel-gosudarstvennogo-jazyka/mamlekettik-til-bojuncha-ish-kagazdar?no_cache=1#c24943 шилтемесинде) көрсөтүлгөн.

Аткарылган иштердин маалыматын 2021-жылдын 15-июнуна чейин ректорлукка жана (torobekov@kstu.kg ) электрондук дарегине билдирип коюңуздарды суранам.(Тиркеме 1)

*1-тиркеме*

___________________________________________

*(Институт жана факультеттин аталышы)*

“Кыргыз Уикипедиясы” эркин энциклопедиясына берилген материалдар тууралуу маалыматы.

| № | Түзүмдүн аталышы | Жалпы жайгаштырылган маалыматтын аталышы | Жайгаштырылган маалыматтын шилтемеси |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |

ӨМТ боюнча проректор Б.Т.Төрөбеков

24.05.21.

Джунусалиев
54-51-22
nazarbek@kstu.kg

**И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети**

**Мамлекеттик тил бөлүмү**

# Университеттин жетекчилери, окумуштуулары, илимий кызматкерлери, адистери жана студенттери үчүн “Кыргыз Уикипедиясы” эркин энциклопедиясына материалдарды жана макалаларды жайгаштыруу боюнча нускама

**БИШКЕК – 2021**

**Уикипедия** (англисче "Wikipedia" термини /ˌwɪkɪˈpiːdɪə/ деп окулат) – коммерциялык эмес Wikimedia Foundation (Уикимедиа Фаундейшн) фонду тарабынан түзүлүп каржыланган эркин жана акысыз интернет энциклопедиясы.

Уикипедия 2001-жылдын 15-январында Жимми Уэйлс (англ. Jimmy Wales) жана Ларри Сэнгер (англ. Larry Sanger) тарабынан ишке киргизилген. Уикипедия – дүйнөдөгү колдонуучулар эң көп кайрылган веб-сайттардын ичинен жетинчи орунду ээлейт.

Уикипедия бир гана тилде чектелип калбастан башка өлкөлөрдөгү жана башка тилдеги маалыматтарды чогултуу менен энциклопедиянын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү иштерине киришкен. Интернетте уикипедия эркин энциклопедиясында 300гө жакын тилдерде маалымат түшүндүрмө берилген.Кыргыз Республикасында 2002 – жылы 3-июнда кыргыз тилиндеги бөлүмү ачылган жана учурда кыргыз уикипедиясы 77-орунда турат. Уикипедиянын 2021-жылдын 20-майдагы маалыматы боюнча кыргыз уикипедиясында 80768 макала жарыяланган .

Учурда кыргыз уикипедиясына маалымат киргизүү үчүн жөнөкөй колдонуучу катары 29 005 катталуучу катталса алардын ичине 2 катталуучу администратор макамына жеткен.

Бул эркин энциклопедияны түзүүгө ар бир колдонуучу катыша алат. Уикипедиянын казынасы илимий изилдөөлөрдө, китептерде, конференцияларда жана маалыматтык булак катары пайдаланылат.

**Кыргыз уикипедиянын максаты :**

- Кыргыз тилиндеги жарамдуу, так, эркин энциклопедия жаратуу
- Маалыматтарды чогултуу, талдоо жана базалык түрдө чогултуу
- Кыргызстандагы тарыхый инсандардын, окумуштуулардын, адистердин ж.б. көрүнүктүү ишмерлердин өмүр жолун келечек муунга мурас жана тарых ирээтинде калтыруу

“Кыргыз Уикипедиясы” эркин энциклопедиясына жайгаштырылган материалдарды талдап жана дүйнөлүк практикада Уикипедиянын колдонуу, өнүктүрүү боюнча тенденциянын эске алуу менен КМТУнун ишмердүүлүгүн камтыган төмөндөгүдөй багытта жана тематикада материалдарды, маалыматтарды даярдап, жайгаштыруу актуалдуу болуп саналат.

1. Университеттеги илимий даражалуу жана наамдагы окумуштуулардын, адистердин жана жетекчилердин ишмердүүлүгүн камтыган материалдар;
2. Түзүмдөрдүн окуу - илимий ишмердүүлүгүнө, кесиптик, квалификациялык тармагына тиешелүү технологиядагы жаңылыктарды, аныктамаларды, түшүнүктөрдү сүрөттөп камтыган материалдары, профессордук – окутуучулук курамдын актуалдуу жана приоритеттүү маселелер, суроолор, изилдөөлөр боюнча макалаларынын кыскача баяндамасы.


Жайгаштырыла турган материалдардын маңызы жана формасы уикипедияда алдын ала белгиленген тартипте калыпта(шаблон) даярдалып көргөзүлгөн алгоритм менен жайгаштырылат (1-тиркеме).

*1-тиркеме*


**Илимий даражалуу жана наамдагы окумуштуулардын, адистердин жана жетекчилердин ишмердүүлүгүн камтыган материалдарды берүүнүн алгоритми**

1 . Маалымат жайгаштыруудан мурда катталуу керек:

2. Уикипедиянын каттоо баракчасынан баардык формаларды толтуруп катталабыз




3. Өзүбүз каттаган логин жана сыр сөз (пароль) менен авторизацияланабыз




4. Киргизүүгө тиешелүү болгон тематиканы тандап, тиешелүү материалдарды даярдап, ошого жараша уикипедиядан калып(шаблон) сунушталат
5. Энциклопедияга киргизиле, жайгаштырыла турган түшүнүк, баяндама, макалалар ишенимдүү булактар менен бышыкталып шилтемеси көрсөтүлүшү керек. Шилтемелер болбосо, материал белгиленген тартипте өчүрүлөт.


6. Шаблондун тартибинде тематика боюнча төмөндөгүдөй жайгаштыруу жүргүзүлөт

6.1.Жеке адамдардын индивидуалдуу (инсандардын) тиешелүү маалымат базасы;


6.2.Адистик, кесиптик, өндүрүштүк, технологиялык маалыматтык баяндамалар, илимий макалалар, маалыматтар, талдоолор жыйынтыктар ж.б.

**7. Мындан ары жогоруда белгиленген 2 тематика боюнча өзүнчө тартипте жайгаштыруу жүргүзүлөт, 6.1. позиция боюнча төмөндөгүдөй улантуу жүргүзүлөт:**


7.1 Алгач инсан тууралуу уикипедияда маалымат жок экенин издөө жолу менен текшерип алабыз





7.2. Биз киргизип жаткан инсан тууралуу уикипедияда маалыматтын жоктугун аныктагандан кийин кызыл тамга менен жазылган инсандын атын шилтемесин басабыз





7.3. Андан соң баракты түзүүгө киришебиз





7.4. Эгерде биз инсан жөнүндө жазсак, анда биз издөө блогунан “калып: персона” деп жазып издейбиз





7.5. Издөө жүргүзгөндөн соң инсанга тийиштүү пунктту тандайбыз мисалы: илимпоз





7.6. Тийиштүү пунктту тандагандан соң калыпты көчүрүп алып түзүлүп жаткан баракчага калыпты(шаблонду) көчүрүп алып, андан соң “Create source” баскычын басып жогоруда көрсөтүлгөн калыпты ушул жерде үлгүдөй кылып толтурабыз.




7.7. Ал эми инсандын сүрөтүн жайгаштыруу үчүн биз https://commons.wikimedia.org/ веб-сайтына, тагыраак айтканда уикипедиянын кампасына киребиз.




7.8. “Авторизоваться” баскычын басабыз, ал жакка уикипедияда катталган логин жана сыр сөздү киргизебиз.

7.9. Киргенден кийин биз башкы баракчага автоматтык түрдө кайтып келебиз бул жерден, “Загрузить файл” баскычы аркылуу уикипедиянын кампасына сүрөттү жүктөйбүз








7.10. Сүрөттү уикипедиядагы түзүлүп жаткан баракчага жайгаштыруу үчүн [https://commons.wikimedia.org/](https://commons.wikimedia.org/) веб-сайтынан файлдын аталышын жазып издейбиз. Керектүү сүрөттүн аталышын уикипедияга көчүрүп алып калыпка жайгаштырабыз.





7.11. Андан соң биз уикипедияга маалымат киргизүүнү улантабыз




7.12. Жогорудагы сүрөттөгү алдын ала көрсөтүү баскычын басуу менен биз баракчабызды көрө алабыз жана андан ары биз түзүү баскычын басуу менен биз тиешелүү маалыматтарды киргизебиз.




7.13. Калыпты коюп алгандан кийин уикипедиянын куралдары менен тексттерди киргизүүнү кадимки MS WORD тексттик процессинде киргизгендей улантабыз



7. 14 Киргизүүнү бүткөндөн соң Publish Page баскычы аркылуу уикипедияга жарыялайбыз.


**8. 6.2 позициясы үчүн төмөнкүдөй алгоритм сунушталат:**

8.1. Алгач көрсөтүлгөндөй эң биринчи кезекте авторизацияланабыз, андан соң уикипедияда теманын аталышына окшош материал жоктугун аныктап баракты түзүүгө киришебиз





8.2. Кызыл менен жазылган теманын текстин басабыз

8.3. Биз автоматтык түрдө баракты түзүүгө киришебиз





8.4. тексттерди киргизүүнү кадимки MS WORD тексттик процессинде киргизгендей улантабыз

8.5. Эгерде биз таблица түрүндө маалымат киргизе турган болсок анда белгиленген чарчыны басып киргизүүнү улантабыз



8.6. Саптарга өзүбүздүн белгилердин көрсөтөбүз,андан соң бизге автоматтык түрдө төмөнкүдөй калыпты берет. Ал калыпка өзүбүздүн маалыматтарды жазуу менен улантабыз

```
{| class="wikitable"
|+ Caption text
|-
! Параметрлери !! Company Media !! Microsoft SharePoint !! 1C: Иш кагаздары жугуртулушу !! LanDocs !! ДЕЛО!! Е1 ЕВФРАТ
|-
| Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал
|-
| Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал
|-
| Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал
|-
| Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал
|-
| Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал
|-
| Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал
|-
| Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал || Мисал
|}
</ref>
```




8.7. Маалыматты киргизип бүткөндөн соң Publish Page баскычы аркылуу уикипедияга жарыялайбыз.

9. Жайгаштырылган материалдын шилтемесин өзүбүзгө жана маалымат үчүн сактап коебуз